DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Маматеминова Т.М.*

# АЙРЫМ ОТОО ЧӨПТӨР ЖАНА АЛАРДЫН ДАРЫЛЫК КАСИЕТТЕРИ

*Маматеминова Т.М.*

# НЕКОТОРЫЕ СОРНЯКИ И ИХ ЛЕЧЕБНЫЕ СВОЙСТВА

*T. Mamateminova*

# SOME WEEDS AND THEIR MEDICINAL PROPERTIES

*УДК: 632.51*

*Макалада Ош шаарынын айланасынын (Жапалак айылдык аймагы) эгин талааларындагы, арык жээктериндеги, жол бойлорундагы, бактарда, турак жайлардын жанында таркалган айрым отоо чөптөрдүн түрдүк составы аныкталып, дары-дармек катары колдонулушу изилденди. Отоо чөптөр адамдар тарабынан өстүрүлбөстөн, дыйканчылыкка зыян келтирүүчү өсүмдүктөр болуп эсептелет. Отоо чөптөр бардык жерлерде кездешип, ар кандай зыяндарды келтиришет. Алар топурактагы жана өсүмдүктөрдөгү азык-заттарды өздөрүнө сиңирип алышып, кээ бир түрлөрү топуракка уу заттарды бөлүп чыгарышат. Айрымдары бодо малдарга да зыян келтиришет. Көпчүлүк түрлөрү ар кандай шарттарга чыдамкай келишип, жогорку деңгээлдеги жашоо энергиясына ээ болушат. Ошондуктан, табыптар, чөп менен дарылагандар аларга абдан көңүл бурушкан жана элдик медицинада пайдаланып келишкен. Өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери алардагы активдүү заттардын болушу менен байланыштуу болуп, көптөгөн ооруларды дарылоодо чоң мааниге ээ. Өсүмдүктөрдү изилдөө атайын аянттарды бөлүп алуу усулу менен жүргүзүлдү жана 10м² барабар болгон 8 аянт алынды. Изилдөөнүн жүрүшүндө отоо чөптөрдүн 24 түрү аныкталып, алардын элдик жана илимий медицинада колдонулушу боюнча маалымат берилди.*

***Негизги сөздөр**: отоо чөптөр, активдүү заттар, эгин, талаа, дары-дармек, жаратылыш, аянт.*

*В статье определен видовой состав некоторых сорняков, распространенных на полях, по берегам канав, по обочинам дорог, в огородах, возле домов в окрестностях города Ош (Жапалакский сельский округ) и рассмотрено их лекарственное применение. Сорняки не выращиваются человеком и наносят вред сельскому хозяйству. Сорняки распространены повсеместно и наносят разнообразный вред. Они поглощают питательные вещества из почвы и растений, а некоторые выделяют в почву токсины. Некоторые виды вредны и для крупного рогатого скота. Большинство видов устойчивы к различным условиям и обладают высоким уровнем жизнеспособности. Поэтому целители и травники обратили на них пристальное внимание и использовали в народной медицине. Лечебные свойства растений обусловлены наличием в них активных веществ и имеют важное значение при лечении многих заболеваний. Изучение растений проведено методом выделения специальных площадок и получено 8 площадей, равных 10м². В ходе исследования было выявлено 24 вида сорняков и представлена информация об их использовании в народной и научной медицине.*

***Ключевые слова**: сорняки, активные вещества, посевы, поля, лекарство, природа, площадь.*

*The article determined the species composition of some weeds distributed in the fields, along the banks of ditches, along roadsides, in vegetable gardens, near houses in the vicinity of the city of Osh (Zhapalac rural district) and considered their medicinal use. Weeds are not cultivated by humans and are harmful to agriculture. Weeds are ubiquitous and cause a variety of harms. They absorb nutrients from the soil and plants, and some release toxins into the soil. Some species are also harmful to cattle. Most species are resistant to various conditions and have a high level of viability. Therefore, healers and herbalists paid close attention to them and used them in folk medicine. The medicinal properties of plants are due to the presence of active substances in them and are important in the treatment of many diseases. The study of plants was carried out by the method of selecting special sites and 8 areas equal to 10m² were obtained. During the study, 24 species of weeds were identified and information was provided on their use in traditional and scientific medicine.*

***Key words**: weeds, active substances, crops, fields, medicine, nature, area.*

**Киришүү.** Биологиясы боюнча бир аз айырмаланган өсүмдүктөрдүн кайсы бир тобун бир эле талаада узак убакыт бою өстүрүү кыртыштын жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн отоо чөптөр менен капталышынын күчөшүнө алып келет. Бул, өзгөчө маданий өсүмдүктөр менен бирге өсүүгө жакшы ыңгайланышкан отоо чөптөрдүн түрлөрүнө мүнөздүү [2; 3; 6].

Отоо чөптөр адамдар тарабынан өстүрүлбөстөн, дыйканчылыкка зыян келтирүүчү өсүмдүктөр болуп эсептелет.

Көпчүлүк отоо чөптөр ар кандай шарттарга чыдамкай келишип, жашоо энергиясы менен таң калтырышат. Мына ошондуктан табыптар, чөп менен дарылагандар аларга абдан көңүл бурушкан жана элдик медицинада пайдаланып келишкен.

Өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери алардагы активдүү заттардын болушу менен байланыштуу келип, көптөгөн ооруларды дарылоодо чоң мааниге ээ. Бирок, жапайы сырьелорду тынымсыз колдонуу менен алардын санынын азайышына же баалуу дары-дармек өсүмдүктөрүнүн толугу менен жок болуп кетишине алып келет [5]. Отоо чөптөрдү медициналык практикада колдонуу маанилүү запас болуп саналат.

Отоо чөптөрдү өскөн жерине байланыштуу бир нече топторго бөлүүгө болот. Башкача айтканда бул өсүмдүктөрдү эгин талааларынан, таштанды жерлерден, каналдардын, арыктардын жээктеринен ж.б. кездештирүүгө болот.

Отоо чөптөр ар кандай зыян келтиришет. Алар топурактагы жана өсүмдүктөгү азык-заттарды өздөрүнө сиңирип алышат, айрымдары топуракка уу заттарды бөлүп (тамыры аркылуу) чыгарышат. Мисалы, чырмоок эгинди ороп жапырайтып, түшүмдүүлүгүн азайтат, ал эми мите отоо чөп (сары чырмоок ж.б.) өсүмдүккө жабышып, андагы азык-заттарды соруу менен тиричилигин өткөрү-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



шөт. Айрым уулуу отоо чөптөр (чатыр, көк базин ж.б.) бодо малдарга зыян келтирет.

КМШ өлкөлөрүндө отоо чөптөрдүн 1500дөй түрү (анын ичинен Кыргызстанда 500дөн ашуун түрү) өсөт. Бул өсүмдүктөр уругу, мөмөсү жана урук түйүлдүгү, айрымдары вегетативдик органдары аркылуу көбөйүшөт [8].

Бардык дары-дармек өсүмдүктөрүнүн курамында биологиялык активдүү заттар бар жана алар адамдын организмине фармакологиялык таасирин тийгизет. Булар алкалоиддер (курамында азотту кармаган щелочтуу органикалык бирикмелер), флавоноиддер (боёчу гликозиддер), сапониндер (суу менен бириккенде көбүктү пайда кылуучу гликозиддер), пектиндик заттар (химиялык түзүлүшү боюнча былжырлуу келген органикалык зат), стериндер (жарым циклдүү спирттер) таниндер (аштоочу заттар), канттар (глюкоза, фруктоза ж.б.), клетчатка, эфир майлары, микроэлементтер, витаминдер ж.б. [9].

Дары-дармек өсүмдүктөрү менен дарылоо фитотерапия деп аталып, медицинанын бир бөлүгү болуп эсептелет. Өсүмдүктөр менен дарылоо адамзат пайда болгондон бери эле белгилүү болуп келген.

Дары-дармек өсүмдүктөр атайын адистер тарабынан изилденип келген жана дарылоодо ар бир элдин өзүнүн каада-салты болгон. Эң кеңири таркалган айрым отоо чөп катары кездешкен дары өсүмдүктөргө токтоло кетебиз.

*Талаа чырмоогу* (Вьюнок полевой - *Convolvulus arvensis* L.) – кеңири таралган, көп жыдык отоо чөп өсүмдүгү. Байыркы замандан бери эле дары өсүмдүк катары колдонулуп келет. Бул өсүмдүктүн курамында конвульвин, ялопин, С витамини, сапониндер, флавоноиддер, чайырлар, алкалоиддер, углеводдор, стеролдор, былжыр жана аштоочу заттар, тритерпендер, лактондор кармалат. Байыркы медицинанын айтымында, шишикти эритет, боордогу тыгындарды ачат, денедеги коюу заттарды суюлтат, өт суюктугун денеден чыгарат. Жөтөлдүн бардык түрлөрүндө, колитте пайдаланылган. Азыркы элдик медицинада чөптүн жана өсүмдүк ширесин өпкө ооруларын, кургак учук, аялдардын ооруларын дарылоодо колдонушат. Талаа чырмоогунун ич алдырма касиети курамындагы конвильвин затынын болушу менен байланышат. Учурдагы изилдөөлөр анын экстракты шишикке каршы касиетке ээ экенин көрсөткөн. Өсүмдүктүн жергиликтүү анестетик жана бактерициддик касиеттери да аныкталган.

*Амарант* (Щирица запрокинутый – *Amaranthus retroflexus* L.) – эң кеңири таралган отоо чөп. Байыркы медицинада амарантты ичкенде денени нымдап, ысытманы басат, суюктукту пайда кылат деп айтышкан. Өсүмдүк боткосу дененин терисиндеги жараларды, сөлдү, кычыткыны (котурду), шишиктерди айыктырууда пайдаланып келген. Элдик медицинада амаранттын жаңы чөбү ич жумшартуучу, кан токтотуучу каражат катары колдонууну сунушташкан. Суудагы эритмесин кан түкүргөндө, кан агууда ичирген. Амаранттын илимий изилдөөлөрү анын антиоксиданттык, ооруну басуучу, гепатопротектордук, иммуностимуляциялоочу жана гипогликемиялык касиеттерин ачкан. Уругунан алынган майлар антиоксиданттык, сезгенүүгө каршы, антиатеросклеротикалык касиетке ээ.

Изилденген аймактагы дары-дармек катары пайдаланылган айрым отоо чөптөрдүн түрдүк составын аныктоо жана дарылык касиети боюнча маалымат берүү учурдагы актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн материалдары жана усулдары.** Ош шаарынын айланасындагы (Жапалак айылдык аймагы) эгин талааларындагы, арык жээктериндеги, жол бойлорундагы, бактарда, турак жайлардын жанында таркалган айрым отоо чөптөрдүн түрдүк составын аныктоо жана дары-дармек катары колдонулушу изилденди.

Өсүмдүктөрдү изилдөө атайын аянттарды бөлүп алуу усулу менен жүргүзүлдү. Бардыгы болуп, 10м$^2$ барабар болгон 8 аянт алынды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө отоо чөптөрдүн 24 түрү аныкталып, тизмеси жазылды жана илимий, элдик медицинада дары-дармек катары колдонулушу боюнча маалымат берилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Ош шаарынын айланасындагы (Жапалак айылдык аймагы) эгин талааларындагы, арык жээктериндеги, жол бойлорундагы, бактарда, турак жайлардын жанында кездешкен айрым отоо чөптөрдүн 24 түрү аныкталып жазылды (1-таблица).

*1-таблица*

**Дары-дармек катары пайдаланылган отоо чөптөрдүн түрдүк составы**

| № | Түрдүн аталышы | Маданий өсүмдүктөрдө таркалышы | Фармакологиялык таасири |
|---|---|---|---|
| 1. | Ак шакар чөп (Марь белая - *Chenopodium album* L.) | Бардык эгиндерде, жол бойлорунда, бактарда | Жөтөлдө, бронхитте, туберкулездо, гастрит, тамак сиңирүү жолдорунун жараларында, тамак сиңирүүнүн бузулуусунда, шакыйда (мигрень), нервдик стрессте. |
| 2. | Жерге төшөлүп өскөн кымыздык (Горец птичий - *Polygonum aviculare*) | Жаздык эгиндерде, беде талааларында, жол жээктеринде | Сезгенүүгө каршы, кан агууну токтотууда, бөйрөк, боор, ашказан, табарсыктын ооруларында, заара жолдорундагы таштын пайда болуусунда |

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Амарант (Щирица запрокинутый - *Amaranthus retroflexus* L.) | Бардык эгиндерде | Сезгенүүгө каршы, заара айдоочу, ич катууда, тери ооруларында, ооз көңдөйүнүн ооруларында, гипертонияда |
| 4. | Койчу баштыкча (Пастушья сумка - *Capsella bursa-pastoris L.*) | Жаздык эгиндерде, беде талааларында | Ички кан агууну токтотууда, сезгенүүгө каршы, кан басымын нормалдаштырууда, ашказан жарасында, табарсыктын сезгенүүсүндө, туберкулёздо, геморройдо, өттө таштын пайда болуусунда |
| 5. | Талаа чырмоогу (Вьюнок полевой - *Convolvulus arvensis* L.) | Бардык эгиндерде | Тамак сиңирүүнү жакшыртууда, ич катууда, өпкөлөр сезгенгенде, жарааттарды айыктырууда |
| 6. | Каакым (Одуванчик- *Taraxacum* ) | Күздүк эгиндерде, беде талааларында, арык бойлорунда | Табитти ачууда, тамак сиңирүүнү жакшыртууда, өт жана боор ооруларында, ич катууда, жөтөлдө какырык чыгаруучу, фрункул чыкканда, тери ооруларында (безетки, исиркек) |
| 7. | Бака жалбырак (Подорожник большой - *Plantago major* L) | Күздүк эгиндерде, картошкада, арык бойлорунда | Жогорку дем алуу жолдорунун ооруларында, сезгенүүгө каршы, жараатты айыктыруучу, какырык чыгаруучу, ичеги-карын ооруларында, дерматоз, экземада |
| 8. | Талаа бука тикени (Бодяк полевой – Cirsium arvense) | Бардык эгиндерде | Заара айдоочу жана тердетүүчү, гипертонияда тынчтандыруучу, психикалык ооруларда, эпилепсияда, неврозго, фрункул чыкканда, безеткиде, геморройдо |
| 9. | Талаа көңдөй сүт тикени (Осот полевой – Sonhus arvensis) | Бардык эгиндерде | Неврозго, кан тамыр ооруларында, геморройду дарылоодо, ысытма чыкканда, баш ооруда, остеоартритте, туруктуу кургак учукта, нефрит, өнөкөт гастритте |
| 10. | Огород портулагы (Портулак огородный - *Portulaca oleracea* L.) | Бардык эгиндерде, жолдун бойлорунда | Жүрөк-кан тамыр, тамак сиңирүү жолдорунун, онкологиялык, таяндыргыч – кыймыл аппаратынын ооруларында, муун ооруларында |
| 11. | Жылдызча (Звездчатка - *Stellaria graminea* L.) | Картошкада, беде талааларында | Тери, муун ооруларында, маститте, анемияда, радикулитте, подаграда, жарааттарды айыктырууда |
| 12. | Алабата (Лебеда- *Atriplex* L.) | Бардык эгиндерде, жолдун бойлорунда | Тери ооруларында, ревматизмде, муундарга суук тийгенде, өт айдоочу, микробдорго каршы, заара айдоочу. |
| 13. | Кадимки кычы (Сурепка обыкновенная - *Barbarea vulgaris)* | Бардык эгиндерде, жолдун бойлорунда | Параличте, мастопатия, инсультта, эпилепсияда, простатитте, авитаминоздо, заара айдоочу |
| 14. | Абуцилон (Конатник - *Abutilon theophrasti*) | Бардык эгиндерде, бактарда, көчөлөрдө | Ашказан алдындагы безге суук тийгенде, жөтөлдө, туберкулездо, экземада, фрункул чыкканда, геморройдо |
| 15. | Көк козу уйгак (Василек синий - *Centaurea* L.) | Буудайда, талааларда, жол бойлорунда | Заара айдоочу, көз, тери ооруларында, жарааттарда, жатындын кан агуусунда, көк жөтөлдө, нефрит, цистит, уретритте |
| 16. | Тоголок салам алейкум (Сыть круглая - *Cyperus rotundus* L.) | Арыктарда | Ашказан жарасында, тамак сиңирүү органдарынын ишин жакшыртууда, табитти ачууда, заара айдоочу, бөйрөктөрдүн жана табарсыктын таш ооруларында |
| 17. | Майда гүлдүү галиносога (Галиносога мелкоцветная- *Galinsoga parviflora)* | Бардык эгиндерде, бактарда, көчөлөрдө | Кан токтотуучу, артритте, радикулитте, теридеги жарааттарда, экземада |
| 18. | Кара ит жүзүм (Паслен черный- *Solanum nigrum* L.) | Бардык эгиндерде, бактарда, арыктын жээктеринде | Неврозго, ичеги, ашказан, гипертония ооруларында, жөтөлдө, бронхиалдык астмада, подагра, ревматизм |
| 19. | Кадимки миң дубана, чочко жаңгак (Дурман обыкновенный - *Datura stramonium* L.) | Бардык эгиндерде, бактарда, талааларда, жол боюнда | Оору калтыруучу каражат, холецистит, ашказан жана он эки эли ичегинин жараларында, колитте, бронхиалдык астмада, респиратордук инфекцияда, нерв жана психикалык ооруларда, ревматизмде, коньюктивитте |
| 20. | Ажырык (Свинорой – *Cynodon)* | Бардык эгиндерде, бактарда, турак жайлардын жанында, арыктардын жээгинде, жолдордо | Какырык чыгаруучу, заара айдоочу, ич катууда, сезгенүүгө каршы |
| 21. | Ат кулак (Щавель- *Rumex* L.) | Күздүк эгиндерде, талааларда, жолдун бойлорунда, бактарда, арыктын жээктеринде | Дизентерияда, ичеги-карын трактынын иши бузулганда, кан агууну токтотууда, тери ооруларында, жарааттарды айыктырууда |
| 22. | Үч бөлүктүү ит уйгак Череда трехраздельная- *Bidens tripartita* L.) | Күздүк, жаздык дан эгиндеринде, жашылча өсүмдүктөрүндө томат, калемпир ж.б.), арыктардын жээктеринде | Зат алмашуунун бузулушунда, цинга, тери, тиш, кан, дем алуу органдарынын ооруларында, атеросклероздо, туберкулездо, безеткиде, фрункул чыкканда |

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



| | | | |
|---|---|---|---|
| 23. | Уйгак (Лопух - *Arctium* L.) | Турак жайлардын жанында, бактарда, суунун жээктеринде, жолдун бойлорунда | Бөйрөк, өт, муун ооруларында, ич катууда, кант диабетинде, ревматизмде, дене табын түшүрүүдө, мастопатияда, жарааттарды айыктырууда, тери ооруларында, чачтын түшүүсүндө |
| 24. | Чалкан (Крапива- *Urtica* L. ) | Жаздык дан эгиндеринде, жашылча өсүмдүктөрүндө, кызылчада, турак жайлардын жанында, жол боюнда, арык жээктеринде, бактарда | Ичеги карындагы, жатындагы, геморойдогу кан агууларда, муун, куяң ооруларында, жарааттарда, зарна болууда, чач түшүүдө |

**Корутунду:**

1. Отоо чөптөрдүн көпчүлүгү жогорку репродуктивдүү активдүүлүккө ээ болуп, ар кандай шарттарга чыдамкай келет.
2. Отоо чөптөр маданий өсүмдүктөргө зыян келтиргендигине карабастан, илимий жана элдик медицинада дары-дармек катары колдонулуп келет.
3. Өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери алардагы активдүү заттардын болушу менен байланыштуу болуп, көптөгөн ооруларды дарылоодо чоң мааниге ээ.
4. Изилденген аймактагы аныкталган отоо чөптөрдүн 24 түрү илимий жана элдик медицинада дары-дармек катары пайдаланууга болот.

**Адабияттар:**


1. Алтымышев А.А. Лекарственные богатства Киргизии. / А.А. Алтымышев. - Фрунзе: Кыргызстан, 1976. - 350 с.
2. Замятин С.А., Ефимова А.Ю. Мониторинг засоренности полевых севооборотов // Вестник Марийского государственного университета. Серия «Сельскохозяйственные науки. Экономические науки». 2017. Т. 3. №1(9). - С. 33-37. *https://cyberleninka.ru* › article › sornye-lekarstvennye.
3. Замятин С.А., Изместьев С.А. Севооборот как способ контроля за сорняками //Вестник Марийского государственного университета. Серия “Сельскохозяйственные науки. Экономические науки”. 2015. - №2. С. 23-25. https://cyberleninka.ru › article › sevooborot-kak-sposo.
4. Заупе Ю. Природа наш доктор. / Ю. Заупе. - Москва: Крон пресс, 1994. - 300 с.
5. Ильина Т.И. большая иллюстрированная энциклопедия лекарственных растений. / Т.И. Ильина. - Москва: Эксмо, 2008. - 304 с.
6. Козлова Л.М. Эффективность полевых севооборотов при различных уровнях интенсификации земледелия в Кировской области / Л.М. Козлова. // Аграрная наука Евро-Северо-Востока. 2014. - №2. - С. 30-34.
7. Кузнецова М.А. Фармакогнозия [Текст] / М.А.Кузнецова, И.З. Рыбачун. - Москва: Медицина, 1984. - 399 с.
8. Кыргызстан улуттук энциклопедиясы: 5-том. - Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014.
9. Полевая М. Сорняки лекарственное чудо. / М.Полевая. - Москва: Весь, 2020. - 96 с.
10. Фисюнов А.В. Сорные растения. / А.В. Фисюнов. - Москва: Колос, 1984. - 320 с.
11. Маматеминова Т.М. Некоторые виды растений из семейства гречишных (POLYGONACEAE L.), используемые как лекарственное средство. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2022. №.1. - С. 29-32.